Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2014-жылдын 11-февралындагы
№ 87 токтому менен
бекитилди

**Орто жалпы билим берүү программаларын, башталгыч жана орто кесиптик билим берүүчү кесиптик окутуу программаларын ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

**2.**

1. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, аталган Мыйзамдын жана ушул Жобонун негизинде кабыл алынган башка ченемдик укуктук актыларга ылайык уюштурулуучу жана өткөрүлүүчү жарандарды аскердик кызматка даярдоо тутумунун курамдык бөлүгү болуп эсептелет.

2. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо аскер ишинин негиздерине окутуунун (окуу сабагы менен) жана адамдын жашоо турмушунун коопсуздугун камсыздоонун милдеттүү предмети болуп эсептелет, менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан орто жалпы билим берүү программаларын, башталгыч жана орто кесиптик билим берүүчү кесиптик окутуу программаларын ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдарда (мындан ары - билим берүүчү уюмдар) уюштурулат.

Аскердик каттоого алганга чейинки жашы жете элек эркек жарандар аскерге чакырыла электер болуп эсептелет.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча сабактарга тартылган жарандар - жашы жете элек кыздар жана балдар - окуучулар болуп эсептелет.

3. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо окуучуларды аскердик иш, жарандык коргонуу жана өзгөчө кырдаалдарда адамдын жашоо турмушунун коопсуздугунун негиздерин үйрөтүү жагында керектүү билимге жана практикалык көндүмдөргө окутуу максатында жүргүзүлөт.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча сабактардын жүрүшүндө окуучулар аскердик милдет, аскердик кызматтын мааниси, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн аскердик антынын жана жалпы аскердик уставдарынын талаптары, Куралдуу Күчтөрдүн жана Кыргыз Республикасынын башка аскердик түзүлүштөрүнүн мааниси жана түзүлүшү жөнүндө үйрөнүшөт.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо 10-11-класстарда жана билим берүүчү уюмдарда окутуунун биринчи жана экинчи курстарында жаштарда мекенчилдик сезимди, жогорку моралдык-психологиялык сапаттарды, аскердик кызматты сүйүүнү, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн аскердик антынын жана жалпы аскердик уставдарынын талаптарын аткарууга карата жеке жоопкерчиликти тарбиялоо максатында жүргүзүлөт.

4. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону жүргүзүүнү контролдоо билим берүү маселелерин тескеген мамлекеттик орган тарабынан коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик орган жана башка Кыргыз Республикасынын кызыкдар мамлекеттик органдары менен биргеликте жүргүзүлөт.

## 2. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону жетектөө

5. Аскерге чакырууга чейинки даярдоодогу жалпы жетекчиликти Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ишке ашырат.

6. Коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик органга төмөнкүлөр жүктөлөт:

- билим берүү маселелерин тескеген мамлекеттик орган жана карамагында билим берүү уюмдары бар башка мамлекеттик органдар менен макулдашуу боюнча окутуу программаларын (пландарды), нускамаларды, жоболорду, методикалык сунуштамаларды,

көрсөтмө куралдарды жана көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, ошондой эле жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо маселелери боюнча окуу-материалдык базаны түзүү;

- билим берүү маселелерин тескеген мамлекеттик орган, дене тарбия жана спорт маселелерин тескеген мамлекеттик орган менен бирдикте спорттун аскердик-прикладдык түрлөрү боюнча мелдештерди уюштуруу жана өткөрүү;

- билим берүү маселелерин тескеген мамлекеттик орган бекиткен программаларга (пландарга) ылайык, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилери (окутуучулары) менен окуу-методикалык жыйындарды жана нускамалык сабактарды өткөрүүгө көмөк көрсөтүү;

- билим берүү маселелерин тескеген мамлекеттик орган бекиткен программаларга (пландарга) ылайык, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону уюштурууда жана жүргүзүүдө билим берүүчү уюмдардын жетекчилерине методикалык жардам көрсөтүү;

- программаларга ылайык ок атуу даярдыгы боюнча сабактарды өткөрүүдө билим берүүчү уюмдардын жетекчилерине практикалык жардам көрсөтүү;

- коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик орган бекиткен программаларга (пландарга) ылайык, чакырылуучулардын аскердик бөлүктөргө жана мекемелерге баруусун уюштуруу;

- билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чейинки даярдоону жана аскердик-мекенчилдик ишти текшерүүнү жүргүзүү жана уюштуруу;

- жаштарды аскерге чейинки даярдоону жакшыртуу боюнча иш-чаралардын планын түзүү;

- билим берүү маселелерин тескеген мамлекеттик орган менен бирдикте билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чейинки даярдоонун абалына баа берүү.

7. Билим берүү маселелерин тескеген мамлекеттик органга төмөнкүлөр жүктөлөт:

- коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик орган жана карамагында билим берүүчү мекемелери бар башка мамлекеттик органдар менен макулдашуу боюнча окутуу пландарын жана программаларын, нускамаларды, буйруктарды, жоболорду, методикалык сунуштамаларды, окуу-көрсөтмө куралдарды иштеп чыгуу жана бекитүү;

- билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чейинки даярдоо маселелери боюнча окуу-материалдык базаны түзүүгө катышуу;

- билим берүүчү уюмдарда аскердик-мекенчилдик жана коргонуу-массалык иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;

- коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик орган менен биргеликте билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучунун) кызмат орду үчүн аскердик же педагогикалык билими бар, керектүү аскердик билимдерге, жогорку моралдык сапаттарга ээ жана окуучуларды үйрөтө жана тарбиялай турган запастагы офицерлерден жана аскерге милдеттүүлөрдөн талапкерлерди тандоо;

- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилерин (окутуучуларын) даярдоону, ошондой эле билим берүүчү уюмдардын базасында аларды кайра даярдоону уюштуруу үчүн керектүү сунуштамаларды жана окуу куралдарын иштеп чыгуу;

- коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик орган менен биргеликте жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун абалына баа берүү;

- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону жакшыртуу боюнча иш-чаралардын планын түзүү.

8. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу маселелерин тескеген мамлекеттик органга төмөнкүлөргө катышуу жүктөлөт:

- окутуу программаларын (пландарын), нускамаларды, жоболорду, методикалык сунуштамаларды, көрсөтмө куралдарды жана көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууга жана ишке ашырууга;

- жарандык коргонуу жагында жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо маселелери боюнча окуу-материалдык базаны түзүүгө.

9. Саламаттык сактоо маселелерин тескеген мамлекеттик органга төмөнкүлөргө катышуу жүктөлөт:

- окутуу программаларын (пландарын), нускамаларды, жоболорду, методикалык сунуштамаларды, көрсөтмө куралдарды жана көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууга жана ишке ашырууга;

- медициналык билимдердин негиздери бөлүгүндө жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо маселелери боюнча окуу-материалдык базаны түзүү, ошондой эле медициналык билимдердин негиздери боюнча сабактарды өткөрүү үчүн адистерди тартууга.

10. Дене тарбия жана спорт маселелерин тескеген мамлекеттик органга төмөнкүлөр жүктөлөт:

- аскерге чакырууга чейинки жаштагы өспүрүмдөрдүн дене тарбия даярдыгын контролдоо;

- аскерге чакырууга чейинки жаштагы өспүрүмдөр үчүн дене тарбия боюнча окуу-методикалык окуу куралдарын чыгаруу;

- билим берүүчү уюмдардын арасында спорттун аскердик-прикладдык түрлөрүн өткөрүүгө катышуу.

11. Карамагында билим берүүчү мекемелери бар мамлекеттик органдарга төмөнкүлөрдө көмөк көрсөтүү жүктөлөт:

- окутуу программаларын (пландарын), нускамаларды, жоболорду, методикалык сунуштамаларды иштеп чыгууда жана ишке ашырууда;

- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо маселелери боюнча окуу-материалдык базаны түзүүдө;

- аскердик-мекенчилдик жана коргоо-массалык иш-чараларды өткөрүүдө.

12. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөнкүлөргө катышуу жүктөлөт:

- жергиликтүү мaанидеги аскердик-мекенчилдик жана коргоо-массалык иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймагында турган билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо маселелери боюнча окуу-материалдык базаны түзүүгө.

### 3. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону уюштуруу

13. Билим берүүчү уюмдарда, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоого окуу жылында 68ден кем эмес саат бөлүнөт.

14. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча сабактар сабактардын жалпы ырааттамасына киргизилип, класстар жана окуу топтору боюнча жүргүзүлөт.

Класстар жана окуу топтору топтор деп аталып, бөлүмгө бөлүнөт. Билим берүүчү уюмдун жетекчисинин буйругу менен окуучулардын ичинен топтордун жана бөлүмдөрдүн командирлери дайындалат.

15. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо өз ичине окутуунун төмөнкү бөлүмдөрүн камтыйт:

- аскер ишинин негиздери;
- аскердик кызматтын негиздери;
- ок атуу даярдыгы;
- жалпы дене тарбиялык даярдоо;
- адамдын жашоо турмушунун коопсуздугунун негиздери;
- жарандык коргонуу;
- медициналык билимдердин негиздери;
- комплекстүү сабактар.

Аскер ишинин, аскердик кызматтын, жашоо турмуштун коопсуздугунун негиздери, жалпы дене тарбиялык даярдоо, жарандык коргонуу боюнча сабактар, комплекстүү сабактар жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчиси (окутуучусу) тарабынан өткөрүлөт.

Жалпы дене тарбия боюнча сабактар дене тарбия мугалими (окутуучу) тарабынан өткөрүлүшү мүмкүн.

Медициналык билимдердин негиздери боюнча сабактар медицина жаатындагы мугалим (окутуучу) - адис же медициналык даярдоодон өткөндүгү жөнүндө тастыктамасы бар жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчиси (окутуучусу) тарабынан өткөрүлөт.

16. Аскерге чакырууга чейинкилер баштапкы аскердик каттоого коердон мурда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча практикалык жана талаа сабактарына тартылбайт.

Баштапкы аскердик каттоого коюуда аскердик кызматка жараксыз деп табылган өспүрүмдөр жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча практикалык жана талаа сабактарына тартылбайт.

17. Мөөнөттүү аскердик кызматты өтөгөн адамдар, ошондой эле билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун толук курсун аяктаган адамдар башка билим берүүчү уюмга которулганда (өткөндө) жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча сабактарга тартылбайт.

Аталган адамдар жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча сабактарды өткөрүүдө жетекчилердин (окутуучулардын) жардамчылары катары тартылышы мүмкүн.

18. Теориялык сабактардын жүрүшүндө алынган аскердик билимдерди жана көндүмдөрдү бекемдөө үчүн аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча окутуунун аяктоо этабында окуучулар менен чакырууга чейинки даярдоого бөлүнгөн убакыттын эсебинен окуу-талаа машыгууларын (жыйындарды) өткөрүү үчүн окуу-материалдык базасы бар жакынкы жайгашкан аскердик бөлүктөрдүн (мекемелердин) же билим берүүчү уюмдардын базасында үч күндүк окуу-талаа машыгуулары (жыйындар) өткөрүлөт.

19. Ок атуу даярдыгы боюнча практикалык сабактар (ок атуучу куралдан ок атууга үйрөтүү) ок атуу даярдыгы боюнча сабактарды уюштуруу үчүн аныкталган тартипте аскердик бөлүктөрдүн, аскердик окуу жайлардын ок атуучу жайларында (полигондордо) жана тирлеринде, коргоо спорттук-техникалык уюмдарда гана ишке ашырылат.

Окуучулар менен ок атуу даярдыгы боюнча практикалык сабактарды өткөрүүнүн убактысын, ордун жана тартибин райондук (шаардык) аскердик комиссариаты гарнизондун башчысы, аскердик бөлүктүн командири, аскердик окуу жайдын башчысы менен макулдашуу боюнча аныктайт жана окуу жылынын башталышына чейин билим берүүчү уюмдардын жетекчилерине кабарлайт.

20. Гарнизондордун башчылары аскердик комиссариаттар менен бирге аскердик бөлүктөргө, аскердик окуу жайларга, аскердик кафедраларга жана аскердик мекемелерге жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону жана аскердик-мекенчилдик тарбиялоону уюштурууга жана жүргүзүүгө жардам көрсөтүү үчүн билим берүүчү уюмдарды бекитип берет.

21. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча окуучулардын билими башка предметтер сыяктуу эле беш баллдык система боюнча бааланат.

Жыйынтыктоочу баа жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча окуучулардын (баштапкы аскердик каттоого коюуда аскердик кызматка жараксыз деп табылган адамдардан тышкары) алган жылдык баасынын негизинде билими жөнүндө тиешелүү документтерге (аттестатка, дипломго) коюлат.

22. Билим берүүчү уюмдарда аскерге чакырууга чейинки даярдоо курсу аяктагандан кийин жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо программасынын (пландын) көлөмүндө практикалык иш-аракеттерди аткаруу боюнча милдештерди камтыган спорттун аскердик-прикладдык түрү боюнча иш-чаралар уюштурулат жана окууну аяктагандыгы жөнүндө буйрук (чечим) жарыяланат.

23. Билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун толук курсун бүтүргөн өспүрүм балдардын тизмеси жыйынтыктоочу баалар менен бирге билим берүүчү уюмдардын жетекчилери тарабынан баштапкы аскердик каттоого коюлган жери боюнча райондук (шаардык) аскер комиссариаттарына жиберилет.

24. Билим берүүчү уюмдарда окутуунун ар түрдүү методдору колдонулат, өткөрүлүүчү иш-чаралардын сапаты жана натыйжалуулугу жөнүндө дайыма кам көрүлөт. Аскердик бөлүктөр, мекемелер жана аскердик окуу жайлар менен дайыма байланыш болуп турат, окуучулар арасында аскердик кесипти үгүттөө жигердүү жүргүзүлөт.

25. Билим берүүчү уюмда көрсөтмөлүү үгүттөө тариздеелет, ал аскердик-мекенчилдик тематиканы чагылдырышы, Улуу Ата Мекендик согуштун жана башка куралдуу кармашуулардын ардагерлерин даңкташы жана билим берүүчү уюмдун турмушун көрсөтүшү керек.

## 4. Билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилерин (окутуучуларын) тандоо, дайындоо жана даярдоо

26. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилерин (окутуучуларын) кызматка дайындоо жана бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын ченемдерине ылайык жүргүзүлөт.

Мында, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилеринин (окутуучуларынын) кызматына төмөнкүлөр дайындалат:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүүчү уюмдарынын "жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо жана дене тарбиялык тарбиялоо" адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрү;
- жогорку же орто аскердик билими бар, керектүү аскердик билимдерге, жогорку моралдык сапаттарга ээ болгон жана окуучуларды окутууга жана тарбиялоого жөндөмдүү запастагы жана отставкадагы офицерлер, ошондой эле жогорку педагогикалык билими бар запастагы тажрыйбалуу сержанттар жана жоокерлер.

27. Медициналык билимдердин негиздери боюнча сабактар үчүн окутуучуларды тандоо даярдалган медициналык кызматчылардын ичинен саламаттык сактоонун аймактык органдары тарабынан билим берүүчү уюмдардын жетекчилери менен биргеликте ишке ашырылат.

## 5. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилеринин (окутуучуларынын) квалификациясын жогорулатуу (кайра даярдоо)

28. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилеринин (окутуучуларынын), медициналык билимдердин негиздери боюнча окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу (кайра даярдоо) окуу процессин уюштурууну жана жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча сабактарды өткөрүүнүн сапатын жакшыртуу, педагогикалык жана аскердик билимдерди жогорулатуу, өспүрүмдөрдү аскердик кызматка жана жарандык коргонууга окутуу, тарбиялоо жана даярдоо боюнча методикалык чеберчиликти өркүндөтүү максатында жүргүзүлөт.

29. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилеринин (окутуучуларынын) квалификациясын жогорулатуу беш күнгө созулган көрсөтмө берүүчү жыйындарды (семинарларды) жана ар жылкы үч күндүк окуу-методикалык жыйындарды, ай сайын бир күндүк методикалык сабактарды өткөрүүнү; квалификацияны жогорулатуу институттарына караштуу курстарда окутууну, ошондой эле билим берүүчү уюмдарда предметтик методикалык комиссиялардын ишине катышууну жана алардын өз алдынча ишин камтыйт.

30. Жаңы дайындалган жана бир жылдан аз иштеген жана ушул жыйындарга катышпаган жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилери (окутуучулары) менен көрсөтмө берүүчү жыйындар жыл сайын сентябрда билим берүү маселелерин тескеген мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик орган тарабынан бекитилген программа боюнча өткөрүлөт.

Көрсөтмө берүүчү жыйындарда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилери (окутуучулары) жетектөөчү документтердин, педагогикалык жана психологиялык негиздердин программасынын талаптарын окушат, аскердик билимдерди жана методикалык көндүмдөрдү өркүндөтүшөт, билим берүүчү уюмда аскердик-мекенчилдик ишти уюштуруунун жана өткөрүүнүн методдору менен таанышат.

Көрсөтмө берүүчү жыйындар райондук (шаардык) аскердик комиссариаттардын базасында, райондук (шаардык) аскердик комиссарлардын жетекчилиги менен уюштурулат жана жүргүзүлөт. Райондук (шаардык) аскердик комиссарлардын буйруктары менен жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү үчүн аскердик бөлүктөрдүн командирлери жана аскердик окуу жайлардын башчылары, коргоо спорттук-техникалык уюмдун төрагасы менен макулдашуу боюнча жыйындарды өткөрүүгө жоошуу кызмат адамдары дайындалат, сабактарды өтүү үчүн тажрыйбалуу офицерлер жана окутуучулар бөлүнөт, керектүү курал, ок-дарылар, аскердик техника, (ок атуучу жай, тирлер) жана транспорттук каражаттар берилет. Жыйындарда сабактарды өтүү үчүн педагогика, психология жана жарандык коргонуу боюнча адистер тартылат.

31. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун бардык жетекчилери (окутуучулары) менен окуу жылы башталаар алдында үч күндүк окуу-методикалык жыйындар өткөрүлөт.

Жыйындарда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жыйынтыктары чыгарылат, жаңы окуу жылына тапшырмалар коюлат, уюштуруу-методикалык документтер окутулат, көрсөтмөлүү, практикалык жана башка сабактар өткөрүлөт; жыйындардын катышуучулары окуучуларды окутуу жана тарбиялоо тажрыйбалары менен алмашат.

Окуу-методикалык жыйындар билим берүүчү уюмдардын базасында коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча билим берүү маселелерин тескеген, мамлекеттик орган бекиткен программа боюнча уюштурулат жана өткөрүлөт.

32. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилери (окутуучулары) менен бир күндүк нускамалык-методикалык сабактар коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик орган бекиткен программа боюнча квартал сайын өткөрүлөт, райондордо (шаарларда) сабактарды өткөрүү күнүн аскердик комиссарлардын аймактык билим берүү бөлүмү жана анын базасында өткөрүлүп жаткан билим берүүчү уюмдун жетекчиси менен биргелешип белгилейт. Бул күнү жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилери (окутуучулары) менен практикалык жана көрсөтмө сабактар, семинарлар, лекциялар жана ачык сабактар өткөрүлөт.

Бир күндүк сабактарды өткөрүү үчүн аскердик бөлүктөрдүн, аскердик-окуу жайлардын, жогорку окуу жайлардын аскердик кафедраларынын офицерлери, аскерге чакырууга чейинки даярдоонун өтө даярдалган жетекчилери (окутуучулары), билим берүү бөлүмдөрүнүн адистери, ошондой эле запастагы жана отставкадагы офицерлер жана генералдар тартылат.

Райондук (шаардык) аскердик комиссариаттарда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилерин (окутуучуларын) жана медициналык билимдердин негиздери боюнча окутуучуларды методикалык даярдоонун эсебин алуу журналы толтурулат.

33. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилери (окутуучулары) билим берүүчү уюмда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо, дене тарбия, медициналык билимдердин негиздери боюнча методикалык комиссиянын ишине катышат.

Комиссиянын тапшырмалары болуп аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучусунун), дене тарбия мугалиминин, медициналык билимдердин негиздери боюнча окутуучулардын кесиптик билимдерин системалуу жогорулатуу, алардын методикалык чеберчилигин өркүндөтүү, окуучуларды окутуу жана тарбиялоо ишинин алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларын үйрөнүү жана жайылтуу эсептелет.

34. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилерине (окутуучуларына) методикалык даярдоо (алдыңкы тажрыйбаны жалпылоо, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун айрым маселелерин иштеп чыгуу, сабактарды өткөрүүгө даярдануу, методикалык иштеп чыгууларды түзүү жана окуу-материалдык базаны өркүндөтүү) үчүн жумасына бир күн берилет.

35. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилеринин (окутуучуларынын) квалификациясын жогорулатуу курстары билим берүү маселелерин тескеген мамлекеттик орган тарабынан бекитилген программа боюнча мугалимдерди өркүндөтүү институттарында (борборлорунда) уюштурулат.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилери (окутуучулар) башка мугалимдер (окутуучулар) менен жалпы негиздерде, квалификацияны жогорулатуу курстарына 5 жылда бир жолу тартылат.

Курстардагы сабактар мугалимдерди өркүндөтүү институтунун штаттык кызматчылары, нускоочулар, методисттер жана жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун тажрыйбалуу жетекчилери тарабынан өткөрүлөт. Айрым сабактарды өткөрүү үчүн аскердик бөлүктөрдүн, жогорку окуу жайлардын аскердик кафедраларынын офицерлери, ошондой эле жарандык коргонуунун аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери тартылат.

36. Медициналык билимдердин негиздери боюнча окутуучулар менен бир күндүк методикалык сабактар окуу жылы башталаар алдында өткөрүлөт.

Сабактар райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрү, саламаттык сактоо органдары жана аскердик комиссариаттар тарабынан өткөрүлөт.

## 6. Окуу жайлардын (билим берүүчү уюмдардын) кызмат адамдарынын милдеттери

37. Билим берүүчү мекеменин жетекчиси жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун уюштурулушу жана абалы, окуу-материалдык базанын, анын ичинде үйрөтүүчү куралдын жана ок-дарылардын сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат.

38. Билим берүүчү уюмдун жетекчиси төмөнкүлөргө милдеттүү:

- окуу процессин өз убагында пландоону, уюштурууну жана өткөрүүнү, Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо программасын толук жана сапаттуу аткарууну камсыздоого;
- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун практикалык маселелерин иштеп чыгуу үчүн жай, аянт жана орун бөлүп берүүгө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте ушул Жобонун жана Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо программасынын талаптарына ылайык окуу-материалдык базаны дайыма өркүндөтүү чараларын көрүүгө;
- окуудагы жетишүү боюнча жаштардын (окуучулардын) жеке жоопкерчилигин жогорулатуу чараларын көрүүгө, окуу-материалдык базаны түзүүгө жана өркүндөтүүгө окуучуларды тартууга;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктоочу белгиленген талаптарга ылайык үйрөтүүчү куралды жана аларга ок-дарыларды каттоону жана сактоону уюштурууга;
- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисине (окутуучусуна) окуу-методикалык жардам көрсөтүүгө, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо менен башка окуу предметтеринин байланышын, ийрим ишин (факультативди) уюштурууну жана жүргүзүүнү камсыздоого;
- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчиси (окутуучусу) тарабынан сабакты өткөрүүнү, жаштар тарабынан өтүлгөн материалды сапаттуу өздөштүрүүнү контролдоого, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун, аскердик-мекенчилдик жана коргоо-массалык иштин абалын жыл ичинде бир жолудан кем эмес педагогикалык кеңештерде (кеңешмелерде) талкуулоого;
- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо курсун аяктоого арналган спорттун аскердик-прикладдык түрү боюнча иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө;
- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча окуунун башталышы жана аякташы жөнүндө, топтордун жана бөлүмдөрдүн командирлерин дайындоо жөнүндө, ок атуу даярдыгы боюнча практикалык сабактарды өткөрүү жөнүндө буйруктарды чыгарууга;
- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жана окуучулар менен болгон аскердик-мекенчилдик иштин абалы жөнүндө отчетторду райондук (шаардык) аскердик комиссариаттарга жана баш ийүүчүлүгү боюнча берүүгө.

39. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчиси (окутуучусу) билим берүүчү уюмдун жетекчисине баш ийет жана окуучуларды аскерге чакырууга чейинки даярдоо, үйрөтүүчү куралды жана аларга карата ок-дарыларды Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган талаптарга ылайык каттоо, сактоо жана берүү үчүн түздөн-түз жооп берет.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчиси (окутуучусу) төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган белгиленген талаптарга ылайык аскердик техниканы колдонуу менен сабактарды жана ок атуу даярдыгы боюнча практикалык сабактарды өткөрүүдө белгиленген эрежелерди жана коопсуздук чараларын сактоого;
- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча окуу, факультативдик жана класстан тышкаркы сабактарды жогорку илимий-теориялык жана методикалык деңгээлде уюштурууга, пландоого жана өткөрүүгө;
- медициналык билимдердин негиздери боюнча окутуучулардын ишин жетектөөнү ишке ашырууга;
- окуу-тарбиялоо ишин өркүндөтүү, билим берүүнүн жана тарбиялоонун натыйжалуу формаларын, методдорун жана каражаттарын киргизүү боюнча сунуштарды берүүгө;
- сабакка жетишүүнү жана катышууну эсепке алууга;
- аскерге чакырыла элек адамдардын өздүк сапаттарын жана жеке өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө, аларды аскердик кызматка даярдоого, билим берүүчү уюмдун аскерге чакырыла элек адамдарын эсепке алууга; аскер ишинин негиздерин окутуу боюнча ийримди жетектөөгө, аскердик-спорттук оюндарды өткөрүүнү уюштурууга;

- аскердик-мекенчилдик жана коргоо-массалык иштер боюнча иш-чараларды пландоого катышууга;

- аскер комиссариаттары, аскердик бөлүктөр жана аскердик окуу жайлар менен өз ара аракеттенүү боюнча ишти уюштурууга, окуучуларды окутууну жана аскердик-мекенчилдик тарбиялоону өркүндөтүүдө алардын жардамын максималдуу колдонууга;

- жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча окуу-материалдык базаны түзүүнү жана жакшыртууну камсыздоого;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган белгиленген талаптарга ылайык үйрөтүүчү куралдын жана башка аскердик мүлктүн эсебин алууга, сактоону жана оңдоону уюштурууга;

- бир айда бир жолудан кем эмес окуу-материалдык базанын бар экендигин жана техникалык абалын текшерүүгө, белгиленген тартипте аларды оңдоону өз убагында уюштурууга;

- спорттун аскердик-прикладдык түрлөрү жана жарандык коргонуу боюнча райондук (шаардык) мелдештерди өткөрүүгө жана уюштурууга катышууга;

- практикалык сабактарды өткөрүүдө коопсуздук чараларын сактоону камсыздоого;

- белгиленген формада отчетторду түзүүгө;

- өзүнүн аскердик жана педагогикалык билимин дайыма жогорулатууга, методикалык көндүмдөрүн өркүндөтүүгө.

Билим берүүчү уюмдун жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоосунун жетекчиси (окутуучусу) билим берүүчү уюмдун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, дене тарбия мугалими (дене тарбия жетекчиси) жана класс жетекчилер (өндүрүштүк окутуунун чеберлери), окуу жайдын педагогикалык жамааты менен биргелешип иштейт.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучусунун) иши сабактардын ырааттамасы, окуудан тышкаркы мезгилде өткөрүлүүчү иш-чаралардын планы жана билим берүүчү уюмдун жетекчиси тарабынан бекитилген анын өздүк планы менен регламенттелет.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучусунун) функциялык милдеттери жана бекитилген планда каралбаган иши, ар бир өзүнчө учурда билим берүүчү уюмдун жетекчиси менен макулдашуу боюнча аткарылат. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчиси (окутуучусу) билим берүүчү уюмдагы нөөмөтчүлүккө тартылбайт.

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисине (окутуучусуна) класс жетекчинин милдеттерин жүктөө каралбайт.

## 7. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо сабактарын материалдык-техникалык камсыздоо

40. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча сабактарды өткөрүү үчүн коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик орган билим берүүчү уюмдарды үйрөтүүчү курал, майда калибрлүү мылтыктар жана аларга патрондор, жеке коргонуу каражаттары менен камсыздайт.

41. Үйрөтүүчү куралды аскер комиссариаттары тарабынан талап кылуу табелде көрсөтүлгөн санына жана мөөнөтүнө ылайык, жыл сайын 1-октябрга коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик органга берилүүчү үйрөтүүчү куралдын ар бир түрү боюнча өзүнчө жылдык отчет-табыштама боюнча жүргүзүлөт.

42. Аскер комиссариаттарына аскердик бөлүктөрдүн, оңдоо устаканаларынын жана мекемелеринин кампаларынан үйрөтүүчү куралды берүү коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик органдын наряддары (коштомо барактары) боюнча жүргүзүлөт.

Үйрөтүүчү курал комплекттелген техникалык документтер (жазуулар, схемалар, нускамалар ж.б.) менен берилет.

43. Үйрөтүүчү куралдарды алуу аскер комиссариаттарынын өкүлдөрү тарабынан өздүгүн күбөлөөчү ишеним каттарды жана документтерди (паспорт, өздүк күбөлүк) көрсөтүү менен ишке ашырылат.

44. Үйрөтүүчү куралды билим берүүчү уюмдар үчүн жеткирүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган талаптарга ылайык аскердик комиссариаттар менен биргеликте билим берүү бөлүмдөрүнүн күчтөрү жана каражаттары тарабынан ишке ашырылат.

45. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу маселелерин тескеген мамлекеттик орган билим берүүчү уюмдарды жарандык коргонуу мүлкү менен билим берүү

бөлүмдөрүнүн табыштамалары боюнча карамагында билим берүүчү уюмдары бар уюмдун каражаттарынын эсебинен камсыздайт.

46. Саламаттык сактоо маселелерин тескеген мамлекеттик орган баш ийген органдары аркылуу медициналык билимдердин негиздери боюнча сабактарды өткөрүү үчүн адистерди тартат, билим берүүчү уюмдарды медициналык билимдердин негиздери боюнча медициналык мүлк менен, билим берүүчү уюмдарды тескеген уюмдун каражаттарынын эсебинен билим берүү бөлүмдөрүнүн табыштамалары боюнча камсыздайт.

47. Билим берүүчү уюмдарда турган үйрөтүүчү куралды оңдоо аскер комиссариаттары аркылуу коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик органдын оңдоо устаканаларында аскер комиссариаттарынын наряддары боюнча жүргүзүлөт.

48. Билим берүүчү уюмдарда окуу-материалдык база Жаштарды аскерге чакырылууга чейинки даярдоо программасынын талаптарына ылайык түзүлөт жана дайыма өркүндөтүлүп турат. Программа төмөнкүлөрдү камтыйт: жаштарды аскерге чакырылууга чейинки даярдоо кабинетин, үйрөтүүчү куралды жана майда калибрлүү мылтыктарды сактоо үчүн атайын жабдылган бөлмөнү; ок атуучу тирди; эшик сакчынын милдеттерин жана саптык ыктарды практикалык окуу үчүн жайларды; жалпы дене тарбиялык даярдоо боюнча сабактарды өткөрүү үчүн спорттук шаарчаны (жайды); тоскоолдуктардын бирдей тилкесин; аскердик иштин негиздери боюнча сабактарды өткөрүү үчүн чечилүүчү-ташылуучу окуу жабдыктарынын комплектисин; окуу-көрсөтмө окуу куралдарын жана окуунун техникалык каражаттарын.

49. Билим берүүчү уюмдардын жаштарды аскерге чакырылууга чейинки даярдоосунун жетекчилеринин (окутуучуларынын) кызматтык маяналары, социалдык камсыздоосу, эмгегин жөнгө салуу билим берүү тутумунун кызматчыларына эмгек акы төлөөнүн шарттары менен каралган тартипте жана колдонуудагы мыйзамдар менен аныкталат.

Билим берүүчү уюмдардагы жаштарды аскерге чакырылууга чейинки даярдоонун жетекчилеринин (окутуучуларынын) педагогикалык стажына Куралдуу Күчтөрдө жана башка аскердик түзүлүштөрдө өтөгөн анык аскердик кызматынын мөөнөтү эсептелет.

50. Сабактарды материалдык-техникалык камсыздоо, жаштарды аскерге чакырылууга чейинки даярдоо боюнча окуу-материалдык базаны түзүү жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен тыюу салынбаган каражаттардын эсебинен ишке ашырылышы мүмкүн.

## 8. Билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чакырылууга чейинки даярдоону контролдоо

51. Жаштарды аскерге чакырылууга чейинки даярдоону контролдоо төмөнкүдөй жолдор менен ишке ашырылат:

- билим берүү маселелерин тескеген мамлекеттик органды, коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик органды жана карамагында билим берүү уюмдары турган уюмдарды биргелешкен пландар боюнча ар тараптуу текшерүү;

- билим берүү маселелерин тескеген мамлекеттик орган жана башка Кыргыз Республикасынын кызыкдар болгон мамлекеттик органдары менен макулдашуу боюнча же аларды тартуу менен коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик органды айрым маселелер боюнча текшерүү;

- карамагында билим берүүчү уюмдары турган мамлекеттик органды, уюмду айрым маселелер боюнча текшерүү.

52. Билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чакырылууга чейинки даярдоо билим берүү жана коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын биргелешкен пландары боюнча үч жылда бир жолудан кем эмес ар тараптуу текшерилүүгө тийиш.

Канааттандыраарлык эмес баа алган билим берүүчү уюмдар бир жылдан кийин кайра текшерилет. Канааттандыраарлык эмес бааны экинчи жолу алган учурда жаштарды аскерге чакырылууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучусунун) ээлеген кызматына ылайыктыгы жөнүндө маселе каралат.

Билим берүүчү уюмду текшерүүгө бир күндөн аз эмес убакыт бөлүнөт. Мында окуу процессинин уюштурулушу жана программанын аткарылышы, катышы, окуучулардын программаны өздөштүрүүсүнүн сапаты, жаштарды аскерге чакырылууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучусунун) методикалык даярдыгы жана алардын сабак өтүүсүнүн сапаты, окуу-материалдык базасынын, аскердик-мекенчилдик жана коргоо ишинин абалы, жаштарды аскерге чакырылууга чейинки даярдоону жетектөөнүн сапаты текшерилет.

53. Билим берүүчү уюмдагы жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун абалынын жалпы баасы окуучулардын программаны өздөштүрүүсүнүн сапатын жана окуу-материалдык базанын абалын баалоодон турат.

Мында программанын аткарылышы, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилеринин (окутуучулардын) методикалык даярдыгы жана билим берүүчү уюмдун жетекчиси тарабынан жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону жетектөөсүнүн абалы эске алынат.

54. Билим берүүчү уюмдарда программаларды (өтүлгөн материалды) өздөштүрүүнүн сапатын баалоо үчүн ар бири 10дон кем эмес адамдан турган экиден кем эмес топ жеке бааларды коюу менен төмөнкүдөй жол менен текшерилет:

- тестирлөө жолу;
- окуучулардын практикалык иш-аракеттери.

Окуучулар алган жеке баалардын негизинде программаны өздөштүрүүнүн сапаты боюнча билим берүүчү уюмдун баасы коюлат:

- "эң жакшы", эгерде текшерилген окуучулардын 90%нан кем эмеси жакшы баа алса, мында 50%нан кем эмеси - "эң жакшы";
- "жакшы", эгерде текшерилген окуучулардын 80%нан кем эмеси жакшы баа алса, мында 50%нан кем эмеси - "эң жакшы" , "жакшы";
- "канааттандырарлык", эгерде текшерилген окуучулардын 70%нан кем эмеси жакшы баа алса;
- "канааттандырарлык эмес", эгерде текшерилген окуучулардын 30%нан көбү канааттандырарлык эмес баа алса.

55. Билим берүүчү уюмдун окуу-материалдык базасынын абалы төмөнкүдөй бааланат:

- "эң жакшы", эгерде жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жабдылган кабинети, үйрөтүүчү куралды сактоо үчүн бөлмөсү, ок атуучу тири, үйрөтүүчү куралы жана мүлкү болсо, ал эми аларды эсепке алуу жана сактоо нускаманын талаптарына катуу ылайык келгендей уюштурулса, эшик сакчынын милдеттерин жана саптык ыктарды практикалык үйрөнүү үчүн орундар, жалпы дене тарбиялык даярдоо боюнча сабактарды өткөрүү үчүн спорттук шаарча (орун), бирдей тоскоолдуктар тилкеси; окуу-көрсөтмө куралдар жана окутуунун техникалык каражаттары болсо;
- "жакшы", эгерде "эң жакшы" деген баа үчүн бардык саналгандар болсо, бирок эшик сакчынын милдеттерин практикалык үйрөнүү үчүн жер же бирдей тоскоолдуктар тилкеси толук жабдылбаса;
- "канааттандырарлык", эгерде жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо кабинети, үйрөтүүчү куралды сактоо үчүн бөлмө, ок атуучу тир, жалпы дене тарбиялык даярдоо боюнча сабактарды өткөрүү үчүн спорттук шаарча, үйрөтүүчү курал жана мүлк бар болсо, ал эми аларды сактоо жана эсепке алуу белгиленген талаптарга ылайык уюштурулса;
- "канааттандырарлык эмес", эгерде окуу-материалдык базанын "канааттандырарлык" деген баа үчүн саналган элементтеринин бири болбосо же үйрөтүүчү куралды жана мүлктү сактоо белгиленген талаптарга ылайык келбесе.

56. Билим берүүчү уюмдагы жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жалпы абалы төмөнкүдөй бааланат:

- "эң жакшы", эгерде окуучулардын программаны өздөштүрүү сапаты "эң жакшы" деп бааланса, окуу-материалдык базанын абалы "жакшыдан" төмөн эмес бааланса;
- "жакшы", эгерде окуучулардын программаны өздөштүрүү сапаты "жакшыдан" төмөн эмес, ал эми окуу-материалдык базанын абалы "канааттандырарлык" деген баадан төмөн эмес бааланса;
- "канааттандырарлык", эгерде окуучулардын программаны өздөштүрүү сапаты жана окуу-материалдык базанын абалы "канааттандырарлык" деген баадан төмөн эмес бааланса;
- "канааттандырарлык эмес", эгерде көрсөткүчтөрдүн бири "канааттандырарлык эмес" деп бааланса.

57. Айрым маселелер боюнча текшерүүлөрдү жүргүзүүдө билим берүүчү уюмдун жалпы баасы коюлбайт.

Билим берүүчү уюмду текшерүү аяктагандан кийин текшерүүнүн жыйынтыгы чыгарылат.

58. Билим берүүчү уюмдардагы жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча (шаар, район жана облус боюнча) текшерүүнүн

жыйынтыктарынын актысы түзүлөт жана билим берүү жана коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын, аскер комиссариаттарынын жана билим берүүчү уюмдар карамагында турган уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда билим берүүчү уюмдардын жетекчилерин тартуу менен талдоо өткөрүлөт.

Текшерүүнүн жыйынтыктары жөнүндө жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабарланат.

Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча кызыкдар тараптардын санына жараша нускада акт түзүлөт жана тараптардын ар бирине жеткирилет.

59. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо маселеси боюнча кызматтык кат алышуу ведомстволук баш ийүүчүлүктү катуу сактоо менен жүргүзүлөт.

Аскер комиссариаттары, билим берүү бөлүмдөрү жыл сайын 10-июнда аяктаган жыл үчүн жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун абалы жөнүндө жыйынтыктоочу баяндамаларды коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик органга жана билим берүү маселелерин тескеген мамлекеттик органга ведомстволук баш ийүүчүлүк боюнча беришет.